КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

АК-СУУ РАЙОНДУК БИЛИМ
БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ
И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ
РЕСПУБЛИКИ

АК-СУЙСКИЙ РАЙОННЫЙ ОТДЕЛ
ОБРАЗОВАНИЯ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

23-март 2022-жыл № 29 Теплоключенка айылы

**2021-2022-окуу жылында Кыргыз Республикасынын негизги жалпы, орто жалпы билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө.**

Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районундагы жалпы негизги жана орто билим берүү уюмдарында 2021-2022-окуу жылынын аяктап жаткандыгына байланыштуу жалпы мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясын уюштуруп өткөрүү максатында **буйрук кылам:**

1. 2021-2022-окуу жылы Ак-Суу районунун бардык жалпы билим берүү уюмдарында окутуу 2022-жылдын 8-июнунда аяктасын.
2. Негизги мамлекеттик сынактын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү мөөнөттөрү жана түрлөрү бекитилсин.

- Окутуу кыргыз, орус тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын IX-класстын бүтүрүүчүлөрү үчүн 11-июндан 22-июнга чейин беш сабактан (анын ичинен төрт милдеттүү, бир тандоо боюнча) өткөрүлсүн;
  - Математикадан (алгебра) комплекстүү тест (жазуу түрүндө) – 11-июнда;
  - Эне тилинен дилбаяндын элементтери менен баяндама – 14-июнда;
  - Кыргыз тилинен (орус тилинде окутулган класстарда) жана орус тилинен (окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарга) комплекстүү тест (жазуу түрүндө) - 17-июнда.
  - Кыргыз тарыхынан (оозеки) – 20-июнда;
  - Окуучулардын тандоосу боюнча сабактар боюнча сынакты өткөрүү убактысын жалпы билим берүү уюму өзү белгилейт.
- Окутуу кыргыз, орус тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын XI-класстын бүтүрүүчүлөрү үчүн 11-июндан 23-июнга чейинки убакытта беш милдеттүү сабак боюнча (анын ичинен бир сабак тандоосу боюнча) өткөрүлсүн;
  - Эне тили жана адабиятынан (эссе) – 11-июнда;
  - Математикадан (алгебра) комплекстүү тест (жазуу түрүндө) – 14-июнда;
  - Кыргызстан тарыхынан (оозеки)-17-июнда;
  - Кыргыз тилинен (орус тилинде окутулган класстарда) жана орус тилинен (окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарда) комплекстүү тест (жазуу түрүндө) – 20-июнда;
  - Окуучулардын тандоосу боюнча сынакты өткөрүү убактысын жалпы билим берүү уюму өзү белгилейт;